# УТРК

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
## УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ



**2022-жылдын 3-августу ПЖ № 270**

Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясын реформалоо боюнча айрым чаралар жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын, мамлекеттик башка телерадиоберүү түзүмдөрүнүн өлкөнүн жарандарынын объективдүү жана ар тараптуу маалыматка болгон муктаждыктарын мындан ары канааттандыруу боюнча ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жана "Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жетекчиликке алып, токтом кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 73 тескемеси менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын (мындан ары - УТРК) ишин өркүндөтүү боюнча жумушчу топтун сунуштары кабыл алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте:

1) Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы менен "Республикалык радиотелеборбор" мамлекеттик ишканасын бириктирүү жолу менен бардык укуктарын жана милдеттерин УТРКга өткөрүү менен аларды кайра уюштурсун;

2) Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин түзүмүнөн УТРКнын карамагына төмөнкүлөрдү өткөрүп берсин:

- облустук телерадиокомпанияларды тиешелүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттары менен;
- А.Джумахматов атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык симфониялык оркестрине бекитилип берилген чоң концерттик студияны;

3) төмөнкүлөр үчүн кошумча каржылоону бөлүүнү камсыз кылсын:

- УТРКнын кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу;
- УТРКны өнүктүрүү;
- деталдуу техникалык аудиттин негизинде УТРКны техникалык модернизациялоо.

3. УТРКнын башкы директору:

1) УТРКнын жаңы уюштуруу түзүмүн жана штаттык расписаниесин бекитсин;

2) техникалык модернизациялоону негиздөө үчүн техникалык аудит жүргүзсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана УТРКнын башкы директору ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

5. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

“Эркин-Тоо” газетасынын 2022-жылдын 5-августа № 68(3403) жарыяланды

Кыргыз Республикасынын
Президенти
С.Н. Жапаров

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ

УТРК

# УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун 2022-жылы 3-августа "Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясын реформалоо боюнча айрым чаралар жөнүндө" №270 Жарлыгы чыкты. Жарлыкта элдин объективдүү жана ар тараптуу маалыматка болгон суроо-талабын канааттандыруу боюнча иштин натыйжалуулугун жогорулатуу талабы коюлган. Реформалоо, башкача айтканда, УТРКнын ишин өркүндөтүү боюнча атайын жумушчу тобу түзүлүп, алардын сунуштары эске алынган. Натыйжада, Коомдук телерадиоберүү корпорациясы менен "Республикалык радиотелеборбор" мамлекеттик ишканасы бириктирилип, бардык укук жана милдеттери УТРКга өттү. Облустук телерадиокомпаниялар тиешелүү штаты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаты менен КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин түзүмүнөн чыгарылып, УТРКнын карамагына берилди. Мындан сырткары кошумча каржылоо бөлүнүп берилип, УТРКнын кызматкерлеринин эмгек акысы жогорулады. Президентибиздин мындай колдоосу кызматкерлерди шыктандырып, жаңы берүүлөрдү уюштурууга, жаңылануга умтултту.

# МИЛДЕТ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК

УТРКнын жаңы жетекчилигине телерадиону өнүктүрүү, деталдуу аудиттин негизинде толук техникалык модернизация жүргүзүү, корпорацияны жаңы уюштуруу боюнча штаттык түзүмүн бекитүү милдеттери жүктөлгөн. 2022-жылдын аралыгында телерадиону өнүктүрүү аракеттерин баштоо мүмкүн болгон эмес. Кызматкерлердин штаттык бирдиктерин жөнгө салууга көп убакыт сарпталып, 750 штаттык бирдикке кошулуп 95 кызматкер кошумча келишимдик негизде ишке алынган. Мындай штат менен каражаттарды үнөмдөө, жаш кадрларды ишке тартуу мүмкүн эмес эле. Бекитилип калган штаттык түзүмдү карап чыгып, аны кайра уюштуруу маселеси ачык бойдон калган.





**760 штаттык** бирдикке кошулуп, **95 кызматкер** келишимдик негизде ишке алынган.

Реорганизацияга чейин штаттагы кызматкерлердин орточо жаш курагы +45 болсо, штаттык бирдик иреетке салынгандан кийин орточо жаш курак +38 деп белгиленди. Демек, УТРКнын курамы заман талабына шайкеш иштей билген жаш кадрлар менен толукталууда.

Анан калса, реформалоонун алкагында УТРКга 76 млн. 656,1 миң сом карызды төлөө милдети өткөрүлгөн. Карыздарды жабууга жеке каражаттардын эсебинен 11 млн. 924,6 миң сом каралды. Анын ичинде мөөнөтү өтүп кеткен бюджеттик кредиттик карыз 5 млн. 434,5 миң сомду түзөт. Бул карыздар атайын иштелип чыккан графиктин негизинде төлөнүүдө.

# ПЕРСОНАЛДЫ ОПТИМАЛДАШТЫРУУ

2023-жылы 9-мартта УТРКнын башкы директору кызматына Тиллебаев Болотбек Кочкорович дайындалды. Жетекчинин алгачкы аракети штаттык бирдикти ирээттөө менен башталып, ал Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык келтирилди. Натыйжада 750 штаттык бирдик бекип, кошумча келишим менен иштөө шарттары токтотулду. Натыйжада, атайын эсеп боюнча ишке алынган 95 кызматкер кыскарууга кеткен соң, жылдык үнөм 30 млн. 685,4 миң сомду түздү.




Башкы директордун жетекчилиги астында корпорациянын техникалык базасы терең талдоого алынып, болгон мүмкүнчүлүктөр менен кыска аралыкта эфирдин сапатын жакшыртуу аракети жигердүү башталды.

# ТЕХНИКАЛЫК ЖАҢЫЛАНУУ



КР Президенти Садыр Жапаров УТРКнын алдына толук техникалык модернизациялоо милдетин койгон.

Бул багытта, УТРКнын техникалык жабдууларына толугу менен эл аралык техникалык аудит жүргүзүлүп, алдыдагы 20–25 жыл ичинде кайсы форматта жана кандай техникалар менен иштей турганы аныкталды. Техникалардын сметалык наркы эсептелип, 4 этапка бөлүнүп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2024-жылдын бюджетине 426 млн. 300,0 миң сом киргизүү сунушталды жана бул маселе комитетте жактырылды. Модернизация толугу менен ишке ашып кетсе, 10-15 пайыз, б.а. 75 штаттан 100 штатка чейин кызматкерди кыскартуу ишке ашат.







Бюджеттин бөлүнүшүн күтүп отура бербей, ички мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, төмөнкү иштер аткарылды:

- Телеканал SD форматтан заманбап HD форматына кыска убакыт ичинде өткөрүлдү. Натыйжада, элге сапаттуу контент тартууланды;





**2023-ЖЫЛДЫН 31-АВГУСТУНА ЧЕЙИН КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТЫК SD ФОРМАТЫНДАГЫ САПАТЫ ЖАНА КАДРДЫН ӨЛЧӨМҮ**

**SD формат 720x570**




**2023-ЖЫЛДЫН 31-АВГУСТУНАН КИЙИН КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН ЖОГОРКУ САПАТТАГЫ HD ФОРМАТЫ ЖАНА КАДРДЫН ӨЛЧӨМҮ**

**HD формат 1080x720**






- SMM жана жаңы медиа башкармалыгы өз ишин билген кесипкөй адистер менен толукталды. Заманбап компьютер, монтаж жана анимация техникалары, камера-фото аппарат, ошондой эле сайт үчүн сервер сатылып алынды. УТРКнын социалдык тармактардагы абалы 2023-жылдын март айына чейин начар болгондуктан бул бөлүмдүн иши күчтөндүрүлдү. Мамлекеттик саясатты колдоо максатында ар бир жетекчиге жана кызматкерге маалымат таркатууну чогуу ишке ашыруу талабы коюла баштады;

- “Ала-Тоо-24” телеканалынын студиясында декорация жана жарык берүүчү техникалары толугу менен жаңыланды. Телеканалда иштеген журналисттер үчүн офистик жана монтаж жасоочу компьютерлер, о.э камера паркы толугу менен жаңыланып жатат.












- УТРКнын ТЖК бөлүмүндөгү камералар паркы толук комплектиси менен жаңылануу алдында;
- 601-студияда "Ой-Ордо", "Жаштар деми", "Негизинен", "Аруузат" көрсөтүүлөрүнүн декорациясы заманбап жасалгаланып, лед-экран жана жарык берүүчү техникалар менен камсыз болду;
- 602-концерттик студияда акыркы үлгүдөгү көркөм жарык берүүчү техникалар орнотулду;
- 120-студияда "Замана", "Акысыз адвокат", "Түш ченде" программалары үчүн лед-экран жана декорация коюлуп, саркеч студия жасалды;
- УТРК-Спорт телеканалы SRT-декодер жана энкодер техникалары менен камсыздалды;
- УТРК- "Баластан" телеканалына акыркы үлгүдөгү жаңы монтаждоочу анимациялык компьютердик станция алынып берилди.

Мындан тышкары, кыска аралыкта жүргүзүлгөн реформанын алкагында өздүк эсептелген акча каражаты үнөмдөлүп, бул каражат УТРКнын техникалык модернизация-лоого жана чарбалык жаңыланууга жумшалмакчы.

# СММ ЖАНА ЖАҢЫ МЕДИА

## УТРКнын жалпы катталуучуларынын саны

# 4 750 000

**Ютуб каналдардын катталуучуларынын жалпы саны:**

УТРК – 677 000
Ала-Тоо 24 – 634 000 (кыргызча канал)
Ала-Тоо 24 – 171 000 (орусча канал)
Музыка – 528 000
Баластан – 475 000
Спорт – 326 000
Маданият 286 000

**Фейсбук баракчалардагы катталуучуларынын жалпы саны:**


УТРК 198 000
Маданият 58 000
Ала-Тоо24 – 16 000
Баластан – 11 000
Музыка – 15 000
Спорт – 16 000
Замана – 79 000
Биринчи радио – 24 032
Кыргыз радиосу - 27 000
Миң кыял FM - 10 000

**Инстаграм баракчалардын катталуучуларынын жалпы саны:**

Инстаграм – 617 000
Музыка – 70 000
Баластан – 13 500
Замана – 11 200
Спорт – 84 200
Маданият – 9 139
Миң кыял FM - 131 000

**Тикток баракчалардагы катталуучуларынын жалпы саны:**

УТРК – 151 200
Баластан – 46 100
Миң кыял FM - 69 900




Бүгүнкү күнү УТРКнын социалдык тармактардагы катталуучуларынын саны 4,75 миллиондон ашып, 2023-жылдын март–октябрь айларында кошулган жаңы катталуучулардын саны кадыресе өстү.

# СММ ЖАНА ЖАҢЫ МЕДИА

Социалдык тармактар аркылуу маалымат жайылтуу максатында иштеп жаткан SMM жана жаңы медиа бөлүмдүн иши март айынан тарта кыйла жанданды. Алар мамлекеттин маалымат саясатын, УТРКнын көрсөтүү жана уктурууларын социалдык тармактарда жайылтуу милдеттерин күнү-түнү жүргүзүп, берилген тапшырмаларды аткарып жатышат.



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРУУ КОРПОРАЦИЯСЫ**

2023-жылы март айында мамлекеттик саясатты жана УТРКнын программаларын элге жайылтуу максатында “УТРК SMM” WhatsApp группасы ачылып, ага 600гө жакын кызматкер кошулду. Азыр кызматкерлерлердин ар бири маалыматты WhatsApp группадан алып, таркатып, бөлүшүп, комментарий калтырып турушат. Ошол эле учурда, УТРК даярдаган көрсөтүү, уктурууларын да жайылтып туруу тапшырмасы берилген. УТРКнын (саясий, коомдук, маданий ж.б) жасап чыгарган контентин жайылтуу, кызматкерлерге мотивация берип, алардын даярдап чыгарган жакшы көрсөтүүлөрүн колдоп туруу жаатында башкы директордун берген тапшырмалары кынтыксыз аткарылууда.



# МОБИЛДИК ТИРКЕМЕ


УТРКнын мобилдик тиркемеси ишке кирди. Эми катталуучу, көрүүчүлөрүбүз УТРКнын кызыктуу берүүлөрүн бир басуу менен ачып көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Телерадио эфиринин онлайн берүүсү ар бир адамдын чөнтөк телефонунда 24 саат бою жеткиликтүү. Жолдо же үйдө болобу, ыңгайлуу шартта спорт берүүлөрүн, жаңы клип жана акыркы жаңылыктарды көрүү мүмкүнчүлүгү жаралды. УТРКнын мобилдик тиркемесин App Store жана Google Play Маркеттен көчүрүп алууга ыңгайлашып жасалып чыкты.

УТРК

Download on the App Store

GET Google Play



# РЕЙТИНГ КӨТӨРГӨН РЕБРЕНДИНГ

УТРК

АЛА-ТОО 24

СПОРТ

Баластан

МУЗЫКА

МАДАНИЯТ

Коом алдындагы жоопкерчиликти жана реформаны толук кандуу ишке ашыруу максатында УТРКда масштабдуу ребрендинг жасалды. Адатта ребрендинг үчүн ири каражат сарпталып келет. Ал эми УТРК бул аракетке ички ресурсту колдонуу жана кесипкөй адистерди ишке алуу жолу менен акысыз жетише алды. УТРКнын эн белгиси толугу менен жана түп тамырынан алмашты. Кыргыз туусунун элесин берген кызыл, сары түстөгү эн белги коомчулуктун колдоосун тапты. Негизги делген 6 республикалык жана 7 аймактык, жалпысынан 13 телеканал, 4 радионун жасалгалары жаңыланып, толугу менен өзгөрдү. Телеканалдардын микрофондук губкалары, кызматкерлердин униформалары, автоунаалардын жасалгалары, имараттардын ички жана тышкы көрүнүшү жаңы иштелип чыккан дизайндын алкагында коозделду. Азыр жаңы орнотулган программалардын жардамы менен көрсөтүүлөр обого чыгып жатат.

УТРК БАТКЕН | УТРК ОШ | УТРК ЖАЛАЛ-АБАД | УТРК ТАЛАС | УТРК НАРЫН | УТРК ЫСЫК-КӨЛ | УТРК ЧҮЙ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ

# РЕЙТИНГ КӨТӨРГӨН РЕБРЕНДИНГ












# РЕЙТИНГ КӨТӨРГӨН РЕБРЕНДИНГ




















КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ

# ӨЛКӨНҮН МААЛЫМАТТЫК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗДОО

Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын негизги милдети-мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыздоо. Мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун камсыздоо, улуттук идеология, маданият жана тилди жайылтуу үчүн "Кыргыз радиосунун" камтуу аймагын чек арага чектеш: Баткен, Ош, Жалал-Абад облус, райондоруна жеткирүү ийгиликтүү ишке ашты. Биздин радиону кыргыз тилинде Өзбекстандын: Наманган, Андижан, Фергана облустарындагы жана Тажистандын чек арага чектеш айылдарындагы калк да уга баштады.

2023

КЫРГЫЗ радиосу



## ЖАҢЫ КОНТЕНТ – ЖАҢЫ АРАКЕТТЕР

Айрым телеканал жана студия жетекчилери жаңыча ойлонгон, креативдүү, жаш, ыкчам ой жүгүрткөн чечкиндүү кадрлар менен алмаштырылды. Анан калса 100дөй көрсөтүү каралып чыгып, бири-бирин кайталаган программалар жабылып, ирээтке салынды. Учурда УТРКда жаңы көрсөтүүлөрдүн жана уктуруулардын саны көбөйдү. Бул өз кезегинде жаңы көрүүчүлөрдүн санын өстүрдү.









# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ

УТРК

Улуттук Биринчи канал – Кыргызстандын улуттук мурастарын сактаган, алтын фонддун ээси болгон, маданий жана таанып билүү багытындагы, социалдык-экономикалык, музыкалык-көңүл ачуучу телекөрсөтүүлөрдү даярдаган жана көрсөткөн негизги телеканал болуп эсептелинет.

Телеканалда бир катар жаңы долбоорлор ишке ашып, продакшн студиялар менен кызматташтык жакшырды. Жаңы 40 теледолбоор ийгиликтүү ишке ашып, эфирге чыгып келген 25 долбоор жаңыланып, жаңы түзүлгөн эфирдик торчодон орун алды.

Эл күткөн "Ыр кесе" долбоору республиканын 18 районун кыдырып, өнөр адамдарынын талантын тартуулаганга шарт түздү. Президентибиз Садыр Жапаровдун "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" жөнүндө жарлыгын ишке ашыруунун алкагында жанданган "Ыр кесе" биринчи айлампасын ийгиликтүү жыйынтыктап, кийинки сезонго даярдык көрүүдө.

Мындан сырткары "Ак артуу", "Кош-Ой", "Сармерден", "Айтыш төр", "Күлкү тегирмени", "Акысыз адвокат", "Аруузат", "Түш ченде", "Улуу мурас", "Кино-театр", "Бейне", "Алтынчы күнү кечинде", "Улуу көч", "Өмүр сызыгы", "Ырдайлы кыргыз ырларын" көрсөтүүлөрү эл сүймөнчүгүнө ээ болуп, көрүүчүлөрдү да, катталуучуларды да көбөйтүүдө.






















## ЗАМАНА СТУДИЯСЫ

Эртең менен көрүүчүгө жеңил, жарык маанай тартуулаган “Замана” студиясы таңкы программаны көңүл ачуу жаңылыктары, таанып билүү максатында даярдалган рубрикалары, музыкалык коштоосу менен сунуштап келет.

Берүүлөрүн толугу менен кыргыз тилинде алып баруу жолго коюлду. Бул кыргыз тилинин кадырын, элдин эне тилге болгон мамилесин көтөрүү, дегеле улуттук тилди жайылтуу максатында кабыл алынган жамааттык чечим болду. Күн сайын таң атпай кыргыз элин өз тилинде ойготуп, көңүлдүү маанай каалаган программанын социалдык баракчадагы катталуучуларынын саны да арбып бара жатат.






## МААЛЫМАТТЫК-АНАЛИТИКАЛЫК ПРОГРАММАЛАР

# АЛА-ТОО 24







УТРК – мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүүчү күчтүү институт!

Корпорациянын курамындагы “Ала-Тоо 24” маалыматтык телеканалы өлке ичинде жана дүйнө жүзүндө болуп жаткан саясий, социалдык-экономикалык, маданий, спорт жаңылыктарын кыргыз жана орус тилинде 24 саат бою ыкчам жана так чагылдырып келет. КРнын Президентинин чет өлкөлөргө иш сапарларын жана мамлекеттик жетекчилердин, чет элдик делегациялардын жогорку деңгээлдеги жолугушууларын телеканал түз жана сапаттуу көрсөтөт. “Ала-Тоо 24” телеканалынын студиялары жаңы ребрендингге ылайык жасалгаланып, техникалары жаңыланды. Эфирге жаңы жүздөр чыга баштады.

# МААЛЫМАТТЫК-АНАЛИТИКАЛЫК ПРОГРАММАЛАР

БИРИНЧИ РАДИО

"Биринчи Радио" республиканын аймагына маалымат таркатуу мүмкүнчүлүгү кеңири медиа катары өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу багытында саясатты ишке ашырууда. Саясий, экономикалык, маданий жана спорт жаңылыктарын 24 саат бою обого чыгарып, угармандарга так жана ыкчам маалыматтарды таркатууда. Өлкөнүн башка маалымат каражаттары "Биринчи Радионун" жаңылыктарына шилтеме берип, ишенимдүү маалымат булагы катары кабылданып келет. Жаңылыктарынын ар бир чыгарылышында кабарчылардын окуя болуп жаткан жерден түз байланышка чыгуу мүмкүнчүлүгү бар.





## МААЛЫМАТ СТУДИЯСЫ

УТРКнын маанилүү бөлүмдөрүнүн бири болгон “Маалымат” студиясы саясий-экономикалык жана социалдык маселелер багынтындагы контенттерди даярдайт. Өзгөчө чоң көлөмдөгү программаларды уюштурат. КРнын Президентинин катышуусундагы мамлекеттик маанилүү иш чарага жооптуу болуп, түз эфирде чагылдырат.

Бир жыл аралыгында студиянын иш ыргагы иретке салынып, тажрыйбалуу кесипкөй адистер менен толукталып жатат жана ыкчамдык жолго коюлду. Жаңыланган жана жаңы ачылган көрсөтүүлөрдүн көрүмдүүлүгүн арттыруу максатында аймактарга иш сапарлар уюштурулуп, республика боюнча эң кызыктуу жана актуалдуу маселелер боюнча программалар даярдалды.

Өзгөчө "Кызматым Мекенге" программасы эфирдик торчодон орун алгандан бери өлкөнүн жети облусун кыдырып, аскер бөлүктөрүнүн ишмердүүлүгүн чагылдырып, жаштардын патриоттук сезимин ойготуп, кыргыз армиясынын бүгүнкү абалы жөнүндө бир топ программа жасады. Мындан сырткары кызматкерлердин кесипкөйлүгү арттыруу үчүн алыскы жана жакынкы өлкөлөргө тажрыйба алмашып материал даярдоо үчүн жөнөтүлүп жатат.





Баластан

"Баластан" телеканалы кыргыз тилиндеги анимациялык фильмдерди көбөйтүү менен балдарга эне тилин үйрөтүү милдетин аткарууда. Билим берүү багытындагы "Манас таануу", тарбия берүү максатында "Бөбөк сенин жомогуң", өнөрлүү балдардын эмгегине арналган "Талант Star", күлкү аркылуу тарбиялоону максаттаган "Таалимтай", ырчылык таланты бар балдарга арналган "Сонун ыр", балдардын эс алуу учурун чагылдырган "Каникулда", балдар-кыздардын келечекке койгон максаттарын ачып берген "Кыялкеч", өзгөчө өнөрү бар балдардын "Сен мыктысың", о.э "Данегим", "Бөбөк" сыяктуу жаңы долбоорлору жалаң балдарга арналып, аларды тарбиялап өстүрүү, мекенди сүйүү, кыргыз тилинде сүйлөөгө багыттап келе жатат. "Дуда жана Дада", "Шмяк", "Гордон" аттуу мультсериалдар каналдагы кыргызча контенттин санын толуктады. "Козулар" анимациялык мультсериалы тартылып, "Сыйкырдуу калем" мультсериалы эфирге чыгуу алдында турат.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясатын колдоо боюнча Улуттук программасынан бөлүнгөн каражаттан быйылкы жылдын эсебинен 23 миллион сомго эсептелген атайын техникалык тапшырма иштелип чыкты. Дубляж үчүн бөлүнгөн каражатка 6 чет элдик мультсериал "Жингилики", "Цветняшки", "Мой мир", "Супер мяу", "Дружная компания", "Волшебная лавка Есении" карап көрүп, котормо студиясына которууга жөнөтүлдү.




Талант
STAR






КЫЯЛКЕЧ


ТААЛИМТАЙ


Баластан
Козулар






Волшебная
лавка




СУПЕР
МЯУ

## КОТОРМО ЖАНА ҮН КОШТОО СТУДИЯСЫ

“Котормо жана үн коштоо” студиясы чет элдик өнөктөштөр менен кызматташуу жолу аркылуу кызыктуу программаларды кыргызчалап, эфирге сунуштай баштады. Студия тарабынан “Алиса жана Льюис”, «Люк. Мезгилге саякатчы» (Түштүк Корея), “Автобус Гордон 3 сезон” (Кытай) , “Мый-мый Шмяк” (Франция), “Дада жана Дуда” (Түштүк Корея) мультсериалдары которулуп, “Баластан” жана Улуттук биринчи каналдын эфиринен берилди. Учурда студия “Автобус Гордон 4 сезон” (Кытай), “Быдылдак Торри Торри” (Түштүк Корея) мульт сериалдарын эфирге берүү пландаштырылууда. Сентябрь айынан тарта 260 мүнөткө эсептелген «Ден соолукта бол» (Германия) илимий популярдуу көрсөтүүсү которулуп берилип жатат. Азыр котормочулар 144 мүнөттүк “Зипангга саякат” (Япония), “Ак илбирс” (BBC) иштеп чыкты.








СПОРТ

"УТРК Спорт" телеканалы күйөрмандарга кызыктуу спорт контентин даярдап, түз алып көрсөтүү аракетинде иштеп келе жатат. Телеканал 2023-жылы ондогон эл аралык мелдештерди чагылдырды:

- Спорттук иш-чара жана программалар;
- Бокс боюнча Азия Чемпионаты-2023;
- Футбол боюнча Азия Чемпиондор лигасы 22\23-23\24;
- Футбол боюнча Азия Кубогу 22\23-23\24;
- Күрөш боюнча Азия Чемпионаты-2023;
- Дзюдо боюнча Гран-при-2023;
- Күрөш боюнча Азия Чемпионаты-U-17 жана U-23;
- Дзюдо боюнча Дүйнө Кубогу-2023;
- Көк бөрү боюнча клубдар аралык Дүйнө Чемпионаты-2023;
- 19-Азия оюндары (Кытай);
- Күрөш боюнча Дүйнө Чемпионаты-2023;
- Дзюдо боюнча Дүйнө Чемпионаты-2023;
- Волейбол боюнча Азия чакырыгы Кубогу-2023;
- Самбо боюнча Дүйнө Чемпионаты-2023;
- Самбо боюнча Дүйнө Кубогу-2023.

FIAS WORLD SAMBO CUP CHOLPON-ATA 2023

III AVC MEN'S CHALLENGE CUP KYRGYZSTAN CHOLPON-ATA 2022

19th Asian Games Hangzhou 2022

AFC CUP

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
## УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРУУ КОРПОРАЦИЯСЫ















“УТРК Спорт” телеканалы Кыргызстанда өтүп жаткан ички чемпионат жана кубоктор, эл аралык турнирлерди чагылдыруу боюнча иштерди сапаттуу аткарды. Азыркы күндө телеканал 14 аталыштагы программаны эфирге чыгарып, көрүүчүлөрүн тапты. Эл аралык жана жергиликтүү спорттук иш-чаралар эки тилде баяндалат. Программалар жаңыланып, эфирди жасоо иштери быйылкы жылы жогорку деңгээлде аткарылды.









# МУЗЫКА











“Музыка” – Кыргызстандагы негизги музыкалык телеканал катары атамекендик жана чет элдик ырчылардын заманбап, саркеч клиптерин, көңүл көтөрүүчү оюн-зоок жана ток-шоу программаларын сунуштап келе жатат. Курамы жаштардан түзүлүп, жаңыча иш алып баруу аракетине өттү. Учурда “Музыка” телеканалында көрүмдүү делген “Бенефис”, “Улуттук хит-парад”, “Агент Кадырбекова”, “Сонун-шоу”, “Хайп-шоу”, “Кызматым Мекенге”, “Музыкальный коктейль”, “Айдананын ашканасында” ж.б долбоорлору даярдалып, музыка жана оюн-зоок ышкыбоздоруна кубаныч тартуулап келе жатат.









# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
## УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ








УТРКнын Кыргыз радиосу – адабият менен көркөм өнөрдү чагылдырган бирден бир кыргыз тилиндеги уникалдуу радио. Адабий- музыкалык (көркөм өнөр) багыттагы радио "Жан дүйнөнүн азыгы" ураанынын астында улуттук дөөлөттөрдү, кыргыздын наркын, идеологиясын жайылтуу, маданий жаңылык, маданияттагы актуалдуу окуялар, түз эфирдеги талкуулар, дүйнөлүк атактуу өнөрпоздордун, калемгерлердин чыгармалары, классикалык үлгүдөгү материалдар орун алган; музыка, театр, кино багытындагы алдын-ала пландалган программаларды даярдайт. "Кутман таң" уктуруусу жаңы рубрикалар "Айыл таңы", "Биздин көчө" менен толукталып эфирге чыкса, жаштар аудиториясына багытталган кечки "Табият кечи" жыл мезгилине жараша өзгөрүлгөн аталыш менен ("Кыш кечи", "Көктөм кечи", "Жай саратан", "Алтын күз") жаңы программалары кирди. "Маданий-маалымат" түрмөгү, "Атайын репортаж", "Жума жыйынтыгы" бул жылы эфир торчосунда орун алып, жума ичиндеги маданий окуялардан кабардар кылууда. Радио "Башат", "Улуттук нарк" – көчмөн дүйнө", "Улуттук нарк – Нуска", "Бешке чейин үлгүр", "Ат жалында", "Улут саламаттыгы", "Улут сыймыгы" уктурууларын даярдап келүүдө. Мындан тышкары Молдо Нияздын 200 жылдыгы, Кыдыр аке 180, Садыр акенин 200, Ормон хан 230, Кара Молдо Орозовдун 140, К.Акиевдин 140, Түрксой Уюмунун 30 жылдыгын жогорку деңгээлде чагылдырды. Улуттук биринчи канал менен бирдикте "Асыл ойлор" роликтери даярдала баштады. Кыргыз радиосунун диапазону кеңейип, аймактарга чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

“Миң кыял ФМ” радиосу көңүл ачууга, ыр уктурууга багытталган радио иш күндөрү 8 саат жана дем алыш күндөрү 6 сааттык оюн-зоок программалар болгон “01” , “5-7”, “Тыйын-тыпыр”, “Балкаймак” уктурууларын түз эфирде алып чыгат. “Кеч бешимде”, “Сен кайдасың?”, “Биздин көчө”, “Алтын микрофон”, “Чебер” программалары обого чыгат. Радио көңүл ачууга багытталса да угармандарына күн сайын Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү соңку жаңылыктарды тааныштырат. "Миң кыял ФМ" радиосу 80% музыкадан, 20% маалыматтан тургандыгына байланыштуу, көбүнчө маданий жаңылыктар эфирге чыгат. Май айынан тарта 280 маданий, 95 саясий-экономикалык, 187 спорт, 123 шоу бизнес жана башка жаңылыктар эфирге чыкты. Радио күчтүү музыкалык базага ээ. Анда 3000ге чукул ыр болсо, суткасына 700гө чукул файл ойнотулат.








## “ПРОДАКШН ”

Продакшн-студиялар менен кызматташуу жакшы жолго коюлуп, өлкөдөгү кинофильмдерди, сериалдарды даярдап келе жаткан алдыңкы өндүрүүчүлөр менен сүйлөшүүлөр орун алды. Аларга коюлган жагымдуу шарттар аркылуу кызматташтык жаңы нукка чыкты. Продакшн студиялар менен УТРКнын баардык телеканалдары иштеп, аларга буйрутма берүү аркылуу, элге кызыктуу контент тартуулоо аракеттери колго алынды.







## КЫРГЫЗТЕЛЕФИЛЬМ СТУДИЯСЫ

Жарым кылымдан ашуун тарыхы бар “Кыргызтелефильм” учурунда алтын казынаны толтура турган мыкты чыгармаларды жаратканы талашсыз. УТРКнын эфирдик убактысында мындан 50 жыл мурда тартылган тасмалар көрсөтүлүп келе жатканын да тана албайбыз. Бирок учур "Кыргызтелефильмден" заман талабына жараша чукул өзгөрүүнү, башкача айтканда, техникалык жана чыгармачылык жаңылануунү, жаңы фильмдерди талап кылат. Адатка айланган, студияга чакырып алып кечке сүйлөткөн тасмалардан арылып, жаңыча көз караш, креативдүүлүк менен иштөө аракети талап кылынууда. Бүгүнкү күнү "Кыргызтелефильм" студиясы толук чыгармачылык, техникалык жана чарбалык реформага муктаж.





## АЙМАКТЫК ТЕЛЕРАДИОКОМПАНИЯЛАР

Аймактык телерадио компанияларды курамга алуу процесси оңой болгон жок. Ошентсе да, кыйынчылыктар артта калып, аймактардагы телерадиолор бир максатка бириктик. Алар: УТРК-Баткен, УТРК-Ош, УТРК-Нарын, УТРК-Жалал-Абад, УТРК-Талас, УТРК-Ысык-Көл, УТРК- Чүй деген аталышка ээ болуп, обого чыгууда.





УТРК БАТКЕН | УТРК ОШ | УТРК ЖАЛАЛ-АБАД | УТРК ТАЛАС | УТРК НАРЫН | УТРК ЫСЫК-КӨЛ | УТРК ЧҮЙ

Калкынын саны башка аймактардан көп Ош облусунда, буга чейин УТРКнын өзүнүн телекомпаниясы жок болуп турду. Болгону "Ала-Тоо-24" телеканалынын кабарчылар кеңсеси иштеп келген. Абал менен жеринен таанышып, тез арада облуска телекомпания түзүү маселеси жаралды. Мамлекет башчысы Садыр Нуркожоевичтин колдоосу менен "Ынтымак" коомдук телеканалы толугу менен УТРКнын курамына кошулуп, азыр "УТРК-Ош" деген аталышта эфирге чыгып жатат. УТРКнын Ош шаарындагы эски имараты колдо бар мүмкүнчүлүктөр менен оңдолуп-түзөлүп, кызматкерлердин иштөөсү үчүн шарт түзүлдү.











Азыркы учурда Ош мамлекеттик университети менен болгон тыгыз кызматташтыктын алкагында ОшМУ УТРКнын Ош шаарындагы студиясын толугу менен өзгөртүп, жаңыланган заманбап үлгүдөгү декорациясын жасап, ага лед-экран, жарыктандыруучу каражат орнотуп берүүдө. Корпорация видео-техникалык камсыздоону ишке киргизүү алкагында иштеп жатат. Студиянын ишке кириши менен УТРК-Ош маалыматтык берүүлөрүн жана ток-шоу программаларын жаңыча чыгара баштайт. Келишимге ылайык, университеттин журналистика бөлүмүнүн студенттери УТРК-Ош телекомпаниясынын жаңы студиясында окуп-үйрөнүп, тажрыйба топтоп, телекөрсөтүү багытында адис катары такшалуу мектебинен өтүп, УТРКга ишке орношуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат.


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ









Ошондой эле быйыл Корпорация өз аракети аркасында демөөрчүлөрдүн жардамы менен Нарын облусундагы студиясын жаңылай алды. УТРК-Нарын климаттык шарты катаал аймакта жайгашкан. Ээлеп турган имаратынын эскилиги жеткен. Жаңы имарат куруу үчүн долбоорлор даярдалып, эсеби чыгарылган. Жаңы имаратты куруп алуу максатында бардык мүмкүн болгон жагдайлар каралууда. УТРК-Нарын компаниясынын техникалык базасы корпорациянын көзөмөлүнө алынган.









Башкы директор тарабынан бардык 7 облустун телерадиокомпанияларынын ишмердүүлүгүнө жеринен баа берилди. Айрым компаниялардын иши жөнгө салынып, имараттары жасалып, техникалары камсыздалып берилгени менен айрымдарынын иштөө шарты оор. Учурда УТРК-Чүй компаниясынын имаратын кеңейтүү, УТРК-Ысык-Көл жана УТРК-Талас компанияларына жаңы студия салуу аракети көрүлүүдө. Келе жаткан жылы аймактык телекомпаниялардын иштөө шартын, кызматкерлердин абалын жакшыртуу багытындагы аракетти тездетүү пландары бар.












## ОКУУ БОРБОР



УТРКнын алдындагы Окуу борбору жаңы багытта иштөө тартибине өттү. Бул борбор УТРКнын чыгармачылык жана техникалык адистердин тажрыйбасын жогорулатуу максатында иш алып барат. Жума сайын түрдүү тренинг-семинарлар уюштурулуп, кызматкерлерге кошумча билим берип жатат. Борборго чет өлкөдөн да тренерлер чакырылууда. Грузиядан келген адис Бека Аварский облустук телекомпаниялардын программист-адистерин программалоо жана пландоонун эл аралык стандартын үйрөттү. Натыйжада, УТРКнын курамындагы бардык телеканалдардын эфирдик торчосу иреетелип, жаңыча ыкма менен иштөөгө өттү. Мындан тышкары Россия, Германиядан келген адистер, жергиликтүү окуу тренерлери УТРКнын кызматкерлерине тажрыйбасы менен бөлүшүп жатат.









Окуу борбор тарабынан демилгеленип УТРКнын базасында Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин телерадио инженер, программист даярдоочу институтунун кафедрасынын филиалы ачылды. Мындай жол менен корпорация зарыл болгон техникалык адистерди өз базасында даярдап алып калууга мүмкүнчүлүк алды. Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети менен түзүлгөн келишимдин алкагында Окуу борборун заманбап жасап чыгуу, эл аралык окуу стандарттарга шайкеш келтирүү аракеттери башталып жатат. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик универститетинин журналистика жана коммуникация институту УТРКнын базасында студия жасап, биргелешип теледолбоор даярдоо кызыкчылыгын билдирди жана бул багытта сүйлөшүүлөр жүрүүдө.





Жалпысынан УТРКнын бир катар чет элдик, эл аралык жана жергиликтүү жогорку окуу жайлары менен эки тараптуу келишимдери бар. Бул телерадио тармагына керектүү адистерди биргелешип даярдоого, корпорациянын материалдык базасын чыңдоого жол ачат.

## ЖАҢЫ ЖҮЗДӨР



Эфирди жаңы жүздөр менен өзгөртүү максатында 2023-жылы март айында алып баруучуларга кастинг жарыяланып, ага 200дөн ашуун таланттуу улан-кыздар катышты. Бул Улуттук телеканалдын жаштар арасында көрүмдүүлүгү бар экенинен кабар берет. Жеңип чыккан жаш кадрлар УТРКнын окуу борборунда тажрыйба топтоп, эфирге даярданды. Ал эми жаштарды жумуш орундары менен камсыздоо маселеси улуу муундун өкүлдөрүн ардактуу эс алууга узатуу жолу менен чечилди. Башкы директордун жеке сүйлөшүүлөрүнөн кийин аксакал ага-эжелердин жоон тобу туура түшүнүү менен орундарын жаштарга бошотуп берди. Натыйжада, “Миң кыял” радиосу менен “Музыка” телеканалынын штаттан тышкары иштеп жүргөн жаш кызматкерлери толугу менен, ошондой эле кастингден жеңип чыккан жаш кадрлар мыйзамдуу иш орундары менен камсыздалды.







## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

Корпорациянын менеджменти өзүнүн сырткы саясатын кеңейтүү максатында жана сырттан инвестиция тартуу, техникалык жабдууларды жаңылоо, ошондой эле контент алмашуу иштери боюнча аракетте. Атап айтсак:

- Башкы директор Б.Тиллебаев Германиянын дүйнөгө таанымал Duetsche Welle, RTL компанияларында болуп, алардын тажрыйбалары менен таанышып келип, кыска аралыкта "Маалымат", "Замана" жана "Ала-Тоо 24" каналдарына тиешелүү телестудияларды жаңылоого жетишти.
- Кытай мамлекетинин "Үчжоу коммуникация Борбору" (CICC) менен контент алмашуу жана техникалык жабдууларды акысыз алуу боюнча келишими макулдашылып, ийгиликтүү ишке ашууда. Натыйжада, "Котормо" студиясынын техникалык жабдыктары жаңыланып жана жылына 100 сааттан кем эмес эл аралык деңгээлдеги даректүү тасмалар кыргыз тилине которуу үчүн акысыз берилип турмакчы.
- Контент алмашуу багытында Кытай Эл Республикасынын Шандунь телерадиостанциясы менен Цзинань шаарында кызматташуу меморандумуна кол коюлду.








## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК


- Бириккен Араб Эмиратындагы массалык маалымат каражаттарына уюштурулган "Дүйнөлүк медиа конгресске" катышуу мерчемделип, ишке ашты. УТРК бир катар эл аралык медиа холдинггдер менен кызматташуу багытындагы сүйлөшүүлөргө жетишти.






- Мындан сырткары, Казакстандын "Kazakstan RTRK", Russia Today, Duetsche Welle, BBC World Service, CGTN, CCTV+ ж.б. ири корпорациялар менен контент алмашуу жана тажрыйба бөлүшүү алкагында кызматташтык келишимдери ишке ашып жатат.













- Түркия мамлекетинин "TRT" корпорациясы менен контент алуу жана кызматкерлердин билим алуусу (стажировка) жана "TIKA" жана ТҮРКСОЙ мекемелери менен техникалык жабдууларды алуу боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп, жыйынтык күтүлүүдө.

## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

- Сырттан тартылган инвестиция аркылуу "Ой-ордо", "Жаштар деми" жана башка телеберүүлөрдүн жасалгасы жасалып колдонууга берилди. Натыйжада УТРК өзүнүн техникалык базасынын бир бөлүгүн бюджеттен сырткары жаңылай алды. Бул багытта дагы инвестиция тартуу аракети жүрүүдө.















## ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

- Спорт жаатында контент алуу иштери да жөнгө салынып, спорт күйөрмандарын жыл сайын жаңы оюндар менен кубандыруу багыты так аткарылып келе жатат. УТРК-Спорт жана Биринчи канал Сербия мамлекетинде өткөн Күрөш боюнча дүйнө чемпионатын, Кытай мамлекетинде болуп өткөн Азия оюндарын сүйлөшүү жолу менен түз алып көрсөттү. Белгилей кетсек, Азия оюндарынын лицензиясы 50 миң долларга барабар. Бирок, бул лицензияны сүйлөшүү жолу менен акысыз алууга мүмкүнчүлүк жарата алдык.

2024-жылы өтө турган төмөнкү спорт оюндарына лицензия алуу боюнча сүйлөшүүлөргө даярдык жүрүп жатат:

- Олимпиада оюндары;
- Катар мамлекетинде өтүүчү футбол боюнча Азия биринчилиги;
- АФКнын футбол оюндары;
- Дүйнөлүк бокс
- Күрөш боюнча дүйнө чемпионаты ж.б.










## ЧАРБАЛЫК КЫЗМАТ

УТРКда чыгармачылык жана техникалык курамдан сырткары, чоң чарбалык башкармалык да иш алып барат. Башкы имарат салынгандан бери капиталдык оңдоодон өтпөй, жылына актап-сырдоо менен чектелип келген. Имараттын чатырларынан тарта, жылуулук берүү, саркынды суу системасы, бир катар кызматтык иш бөлмө жана студиялар капиталдык оңдоо иштерине муктаж. Ага сарпталчу каражаттын эсеби чыгарылып, келерки жылдын бюджетине киргизилди.

УТРКнын автоцехи оор абалга кептелип калган. Шартты жакшыртуу багытында жасалган аракет жакшы жыйынтыктарын бере баштады.





| №п/п | Авто унаалар | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Оңдолду | 31 |
| 2 | Аймактарда | 5 |
| 3 | Оңдоого муктаж | 2 |
| 4 | Жараксыз | 11 |
| | **Жалпы** | **49** |

Жалпы 49 автоунаа болсо анын ичинен 11 автоунаа жараксыз абалга кептелген. 31 автоунаа оңдолуп ишке чыкса, 2 автоунаа оңдоого токтотулду. Ал эми 5 автоунаа аймактык компанияларда кызматта. Автомашиналарды ремонттон өткөрүү үчүн керектүү тетиктер сатылып алынды. Анын натыйжасында көп жылдардан бери токтоп турган автоунаалар кызмат көрсөтө баштады.

Эгерде 2022-жылы 9 айда 244 834 литр же 13 459 398 сом күйүүчү майга сарпталган болсо, 2023-жылы 9 айда 135 507 литр же күйүүчү майга жумшалган каражат 7 747 550 сомду түздү.

Албетте, айдоочу, тазалоочу жана кароолчу жумушчулардын эмгек акысы өтө аз. УТРКда реформалоо жүрүп жаткан учурда дал ушул жумушчулардын эмгек акысына көңүл бурулбай калган. Азыр колдо болгон каражат менен алардын суранычтарын камсыздап жатабыз.

## КҮЙҮҮЧҮ-МАЙЛООЧУ МАТЕРИАЛДАРДЫН ЧЫГЫМДАРЫН ОПТИМАЛДАШТЫРУУ




**КҮЙҮҮЧҮ МАЙЛАРДЫН ЧЫГЫМЫ 5 МЛН 711,7 МИҢ СОМДУ ТҮЗҮП (45%) ҮНӨМДӨГӨН.**

## ИМАРАТТАРДЫ КАЙТАРУУНУ ОПТИМАЛДАШТЫРУУ

Имаратты кайтаруу үчүн төлөнүп келе жаткан чыгымды оптимизациялоонун алкагында алгылыктуу иш аткарылды. Кол коюлган келишимдин алкагында кошумча кайтаруу посту түзүлүп, анын эсебинен кайтаруучуладын үч орду бошоду. Мындан УТРКнын өз бюджетине акча каражаты үнөмдөлүп калды.



Албетте, жогоруда тизмектелген иш-аракеттер акыркы 9 айдын гана чукул жыйынтыгы. УТРКнын кесипкөйлөр командасы үчүн мындай жетишкендиктер чек эмес. Биз чоң ийгиликтерди жаратууга бел байлап турабыз!




Жогорудагы жасалган иштер чек эмес, учурда кесипкөйлөр командасы дагы чоң ийгиликтерди жаратууга бел байлап турат.

*Ар дайым биринчи*

УТРК

2023-ЖЫЛ

© КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ
ДАРЕК: КЫРГЫЗСТАН 720010, БИШКЕК ШААРЫ, ЖАШ ГВАРДИЯ БЛВ. 59
ТЕЛ/ФАКС: +996 312 39 20 59, +996 312 39 24 04
редактор: Ч.Капарова
техникалык редактор: Ж.Саитбурканов